| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br><br>ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ<br>АТАЙ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br><br>ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>АТАЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин V чакырылышынын депутаттарынын кезектеги V сессиясынын

№ 31 ТОКТОМУ

02. 08. 2024-жыл — Арал айылы

**“Атай айылдык кеңешинин токтомдорун мамлекеттик тилде кабыл алуу жөнүндө”**

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндөгү» Мыйзамынын 26-беренесинин, 1-бөлүмүнүн, 1-бөлүмчөсүнө ылайык, Атай айыл аймагынын айылдык кеңеши Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” мыйзамынын 39-беренесин 2-бөлүмүн жетекчилике алып, Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин V шайланган депутаттарынын кезектеги V сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин токтомдору мамлекеттик тилде (кыргыз тилинде) кабыл алынсын.
2. Аталган токтом жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялансын. Токтом расмий жарыялангандан кийин, Жалал-Абад областтык юстиция башкармалыгына ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн көчүрмөсү жиберилсин.
3. Жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялоо жана ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү Атай айыл аймагынын айылдык кенешинин жооптуу катчысы Н.Нарматовага милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Атай айыл аймагынын айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басары Н.Мейманбековко тапшырылсын.

Атай айыл аймагынын
айылдык Кеңешинин төрагасы: Н.Т.Жээнбаев